**Сот системасы менен ЖМКнын эриш-аркак иш алып баруусу боюнча колдонмо**

Сот системасы менен ЖМКнын эриш-аркак иш алып баруусу боюнча колдонмо (мындан ары – Колдонмо) “Кыргыз Республикасында укук үстөмдүгү – 2-фаза” Программасынын колдоосу менен иштелип чыкты. Соттордун жалпыга маалымдоо каражаттарынын (мындан ары - ЖМК) өкүлдөрү жана редакциялары менен натыйжалуу кызматташуусуна жетүү Колдонмонун негизги максаты болуп эсептелинет. Бул максатка сот өндүрүшүнүн ачыктыгын камсыздап, соттордун иши тууралуу маалыматты жеткиликтүү кылып, сот адилеттигинин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу менен жетүүгө болот. Өз кезегинде бул КР сотторунун кесиптик жана башка ишмердигин ЖМКда тең салмактуу, ишенимдүү жана ыкчам чагылдыруу үчүн мүмкүнчүлүктү берет, ошондой эле коомдо сот адилеттигинин баалуулуктарын жайылтууга шарт түзөт. Мына ушул максаттарга жетүү үчүн эки тарап тең сот системасынын ишин чагылдыруу боюнча эффективдүү жана сапаттуу ишти жөнгө салышы керек. Бул колдонмодо практикалык сунуштар берилген. Алар ЖМК өкүлдөрүнө да, соттордун басма сөз катчыларына да өзүнүн кызматтык милдеттерин жүзөгө ашырууда жана чогуу иш алып барууда жардамчы болуп берет.

Колдонмону ww.sot.kg сайтынан жүктөп алсаңыз болот.

**МАЗМУНУ**


**КИРИШ СӨЗ**

**1-БӨЛҮМ: СОТТОР МЕНЕН ЖМКнын ЭРИШ-АРКАК ИШ АЛЫП БАРУУ ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА АЛАРДЫН ФУНКЦИЯЛАРЫ**

**1.1. Соттун басма сөз катчысы түшүнүгү жана анын функциялары**

**1.2. Сот ишин чагылдырууда ЖМКнын түшүнүктөрү жана функциялары**

**1.3. Соттордун жана ЖМКнын чогуу иш алып баруу принциптери.**

**1.4. Сот ишин чагылдырууда ЖМКнын ишиндеги этикалык принциптер**

**1.5. Журналисттердин жарандык-укуктук жана жазык жоопкерчилиги**

**2-БӨЛҮМ: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА СОТ МААЛЫМАТТАРЫНА ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮК ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМДАРДЫН ЖАЛПЫ ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА НЕГИЗДЕРИ.**

**2.1. Маалыматка жетүү укугу**

**2.2. Соттордо маалыматка жетүүгө чектөөлөр**

**2.2.1. Мамлекеттик сыр**

**2.2.2. Коммерциялык сыр**

**2.2.3. Кесиптик сыр**

**2.2.4. Жеке турмуш**

**3-БӨЛҮМ: МААЛЫМАТКА ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮКТҮ КАМСЫЗ КЫЛУУ**

**3.1. Суроо-талап боюнча маалымат берүү**

**3.1.1. Жазуу жүзүндөгү суроо-талапты даярдоого карата талаптар**

**3.1.2. Маалымат берилбей калган учурлар**

**3.1.3. Суроо-талапка жооп кайтарууга карата талаптар**

**3.2. Соттук актыларга ачык булактарда жеткиликтүүлүк жана аларды жарыялоо**

**3.3. Интернет ресурстары**

**3.4. Соттук отурумдарга ЖМКнын катышуусу**

**3.4.1. Ачык сот отурумдары**

**3.4.2. Жабык сот отурумдары**

**4-БӨЛҮМ: БАСМА СӨЗ КАТЧЫЛАРДЫН НЕГИЗГИ PR-УСУЛДАРЫ**

**4.1. Байланыш каналын жана усулун тандап алуу**

**4.2. ЖМК менен иш алып барганда басма сөз катчылардын негизги PR-усулдары**

**4.2.1. Пресс-релиз**

**4.2.2. Басма сөз жыйыны**

**4.2.3. Маек**

**4.2.4. Баяндамачылардын/эксперттердин институту**

**4.2.5. Социалдык тармактар (блогдор)**

**4.2.6. Жокко чыгаруу жана жооп кайтаруу**

**4.2.7. ЖМКны окутуу – “Укуктук ликбез”**

**4.2.8. ЖМКны кесипкөй белгилери боюнча аккредитациялоо**

**4.2.9. ЖМКга мониторинг жүргүзүү**

**5-БӨЛҮМ: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ СОТ ТУТУМУ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ. ЖУРНАЛИСТ СОТ СИСТЕМАСЫ ТУУРАЛУУ ЭМНЕЛЕРДИ БИЛИШИ КЕРЕК**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТЫН ЖАНА ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК АКТЫЛАРДЫН ТИЗМЕСИ**

**Кириш сөз**

Кыргыз Республикасында сот адилеттиги соттордун көз карандысыздык, сот өндүрүшүнүн ачыктык жана айкындуулук принциптерине негизделген. Бул принциптерди жетекчиликке алуу менен, соттор жарандардын сот адилеттигине болгон ишенимин арттырат. Ошол эле маалда соттор менен ЖМКнын эриш-аркак иш алып баруусу сот системасынын маалыматтык ачыктыгын камсыздоонун маанилүү аспабы болуп саналат.

Соттор маалымат жагынан ачык болуп, ЖМК менен бул багытта тыгыз иш алып барып, пресса менен баарлашып, демилге көтөрүп, ЖМКнын керектөөлөрүн көңүлгө алса, алар Кыргыз Республикасындагы соттордун оң имиджин түзүүдө жигердүү ролду ойной башташат. Муну менен жалпысынан сот системасына болгон ишенимди бекемдешет.

Ушул тапта Кыргыз Республикасында сот системасы реформалануу баскычынан өтүп жатат. 2012-жылы августта Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Респубикасында сот адилеттигин өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгы чыккан. Жарлыкта сот реформасынын негизги максаттары көрсөтүлгөн. Алар: сот адилеттигинин натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу; сот системасынын ачык-айкындуулугуна жетишүү; адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин соттук коргоонун кепилдиктерин камсыз кылуу; кадрдык, финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну өркүндөтүү, соттордун иштеши жана судьялардын ишмердиги үчүн талаптагыдай шарттарды түзүү; сот адилеттигин сапаттуу жүргүзүү үчүн судьялардын жоопкерчилигин жогорулатуу; Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик бутактарынын бири катары өз алдынча жана көз карандысыз сот бийлигин калыптандыруу; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын адам укуктары жагындагы эл аралык укуктун ченемдерине жана эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү, бул жарандардын укуктары менен эркиндиктерин соттук коргоо чөйрөсүн кеңейтүүнү, сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн жогорулатууну камсыз кылууга тийиш.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын сот системасынын алдында негизги максат турат – сот тутумуна заман талабына жооп берген маалыматтык-коммуникациялык технологияларды чукул арада киргизүү. Бул технологиялар сот системасын өнүктүрүүдө инновациялык мамилени калыптандырууга жол ачат. Сот системасын маалыматташтыруу жалпы сот системасынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу маселесинде негизги багыт болуп эсептелинет.

Сот системасында жүргүзүлүп жаткан реформалардын алкагында сапаттуу институционалдык жана функционалдык өзгөрүүлөр болду. Бул өзгөрүүлөр ЖМК тарабынан колдоого жана талаптагыдай маалыматтык камсыздоого муктаж болуп турат. Себеби алар жарандарды маалымдагандан тышкары, укуктук жактан агартууну да камсыздай алышат. ЖМКда чагылдырылып жаткан реформанын өзөгүндөгү идеяны адамдар кантип кабыл алганынан жүргүзүлүп жаткан реформанын ийгилиги көз каранды болуп турат.

Соттор менен ЖМК ортосунда дагы да тыгыз жана сапаттуу кызматташтыкты түзүү – учур талабы. Ушул тапта Жогорку сотто жана облустук соттордо басма сөз катчысы кызматы киргизилди. Ар бир райондук сотто ЖМК менен байланыш боюнча жооптуу адамдар аныкталды (соттордун төрагалары же аппарат кызматкерлери);

- Сот системасынын Коммуникациялык стратегиясы кабыл алынды;
- “Маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилди, бул Мыйзам жарандардын соттордун иши тууралуу маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат;
- адистештирилген интернет сайт ачылды – бул соттук актылардын ачык базасы. Бул жерде кылмыш иштердин жана арыздардын кыймылы, аларды кароо убактысы жана дареги, ошондой эле ошол иштер боюнча кабыл алынган чечимдер тууралуу бардык маалыматтар жарыяланып турат;
- Журналисттерди аккредитациялоо тууралуу Жобо кабыл алынды;
- Жогорку соттун төрайымы ЖМКнын башкы редакторлору менен жолугушту.

***Кыргыз Республикасынын сот системасынын оң имиджи соттордун жалпыга маалымдоо каражаттары менен натыйжалуу жана ачык иш алып баруусу аркылуу калыптанышы керек.***

## 1-БӨЛҮМ: СОТТОР МЕНЕН ЖМКнын ЭРИШ-АРКАК ИШ АЛЫП БАРУУ ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА АЛАРДЫН ФУНКЦИЯЛАРЫ

### 1.1. Соттун басма сөз катчысы түшүнүгү жана анын функциялары

Коомчулук менен байланыш – бул соттордун жарандар жана уюмдар менен системага салынган маалыматтык өз ара байланышын билдирген иштин түрү. Бул иштин максаты – соттук маалымат чөйрөсүндө коомчулуктун маалыматка болгон муктаждыгын аныктоо жана аны канааттандыруу, коомчулуктун сот адилеттигинин максаттарын жана баалуулуктарын түшүнүүсүнө, ошондой эле жарандардын укуктук аң-сезиминин деңгээлин жогорулатууга көмөк көрсөтүү.

Бүгүнкү күндө **КР Жогорку сотунун басма сөз катчысы, жергиликтүү соттордун басма сөз катчылары жана** азырынча басма сөз катчы кызматы кара элек соттордо коомчулук жана ЖМК менен байланыш үчүн жооптуу **сот төрагалары** соттордун маалыматтык ачык-айкындуулугун жана КР сот системасында коомчулук менен байланышты камсыз кылуу боюнча иштерди жасап жатышат.

**КР Жогорку сотунун басма сөз катчысы** жергиликтүү соттордун басма сөз катчыларынын ишин координациялайт, сот органдарынын иши тууралуу маалыматты жайылтуу боюнча бирдиктүү жол-жоболорду жана эрежелерди иштеп чыгып, киргизет. Басма сөз катчылар соттордун аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнө кирет жана өз ишинде соттун төрагасына баш ийет.

**Соттун басма сөз катчысынын функциялары:**

1. Журналисттерге жана башка колдонуучуларга ошол соттун компетенциясына кирген маселелер боюнча, ошондой эле сот жетекчилигинин макулдашуусу менен алардын иши тууралуу зарыл болгон маалыматты берүү;
2. Сот өкүлдөрүнө маекке даярданууга көмөк көрсөтүү;
3. Калкты укуктук жактан агартуу максатында ЖМКда сот системасы тууралуу материалдарды, басылмаларды даярдоо;
4. Кайсы сотто иштесе, ошонун компетенциясына кирген маселелер боюнча, ошондой эле анын иши тууралуу маалыматтарды толук жана кеңири жайылтуу үчүн журналисттерге көмөк көрсөтүү;
5. Басма сөз жыйындарын, брифингдерди, соттордун жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү менен маектешүүлөрүн жана жолугушууларын уюштуруу;
6. Пресс-релиздерди даярдоо, журналисттерден жана маалыматты колдонуучулардан түшкөн суроо-талаптарга өз убагында жооп кайтаруу;
7. Соттордун интернет-ресурстарында маалыматты жайгаштыруу;
8. КР мыйзамдары же күчүнө кирген сот актылары менен жайылтууга тыюу салынган же чектөө киргизилген маалыматтарды кошпогондо, соттордун компетенциясына жана ишине тиешелүү маселелер боюнча маалыматтарды мүмкүн болушунча жайылтууга көмөктөшкөн башка функциялар;

### 1.2. Соттун ишин чагылдырууда ЖМКнын функциялары жана түшүнүгү.

“Жалпыга маалымдоо каражаттары” түшүнүгүнө мамлекеттик органдар, маалымат агенттиктери, саясий, коомдук жана башка уюмдар, жеке адамдар тарабынан чыгарылуучу гезиттер, журналдар, аларга тиркемелер, альманахтар, китептер, бюллетендер, калкка таратууга арналган, туруктуу аталышы бар бир жолку басылмалар, ошондой эле телерадиоканалдар, кино жана көрсөтмө студиялар, уктурма жана көрсөтмө жазылмалар менен программалар кирет. (“Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” КР Мыйзамынын 1-беренеси).

Ушул эле Мыйзамга ылайык, коомдун турмушунда болуп жаткан окуялар жөнүндө кабарларды чогултуп, жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн материалдарды түзүп, редакциялап жана даярдоочу адам журналист болуп эсептелет. Журналист жогоруда аталган жумуштарды өз алдынча же редакциянын штаттык кызматкери болуу менен иштөөгө укуктуу. (“Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” КР Мыйзамынын 19-беренеси).

“Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” КР Мыйзамынан тышкары ЖМКнын иши төмөнкүдөй мыйзамдар менен жөнгө салынат:

1. “Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө” КР Мыйзамы (1997-жылы чыккан);

2. “Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө” КР Мыйзамы (1997-жылы чыккан);

3. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө” КР Мыйзамы (2006-жылы чыккан);

4. “Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө” КР Мыйзамы (2008-жылы чыккан).

**Жогоруда сөз болгон мыйзамдардан улам соттун ишин чагылдырууда ЖМКнын функцияларын мындай деп аныктаса болот:**

1. Сот бийлиги тууралуу коомдук пикирди түзүү;
2. Сот системасынын иши тууралуу коомчулукка ыкчам жана тең салмактуу маалымат жеткирүү;
3. Адамдын адилеттүү соттук териштирүүгө болгон укугун эсепке алуу менен, күнөөсүздүк презумпциясын сактап, соттук процесстерди мүмкүн болушунча толук жана так чагылдыруу;
4. Маалыматты жарыялоонун алдында ал ишенимдүү болгонун дагы бир жолу текшерүү.

### 1.3. Соттор менен ЖМКнын эриш-аркак иш алып баруу принциптери.

Кыргызстанда сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун негизги принциптери болуп сот өндүрүшүнүн ачыктык жана айкындуулук принциптери эсептелинет. Сот өндүрүшүнүн ачыктыгы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 99-беренеси менен кепилденген, айкындуулук принциби тийиштүү процессуалдык кодекстерде бекитилген. Ачык-айкындуулук коомго ачык, тикелей соттук териштирүү дегенди билдирет. Мында соттун жүрүшү тууралуу маалымат алууга мүмкүнчүлүк болот. Соттор сот процесстерин ачык өткөрүү менен гана эмес, ошондой эле ЖМКга маалыматтык, консультациялык жардам берүү жолу менен да сот өндүрүшүнүн ачык-айкындуулук принцибин ишке ашырышат.

Соттор жана ЖМК эриш-аркак иш жүргүзгөн учурда төмөнкүдөй принциптерди жетекчиликке алышы керек:

**1. Этиканы сактоо**. ЖМК менен сот бийлигинин өкүлдөрү, сот процессинин катышуучулары ортосундагы байланыш процессинде маанилүү бөлүм – өз ара мамилелерде этиканы сактоо.

**2. Тараптардын өз ара жоопкерчилик принциби.** ЖМКга мазмуну бурмаланбай, ыкчам жарыялана турган ишенимдүү маалыматты берүү;

**3. Ачык-айкындуулук принциби**. Соттун чечимдерине жана соттун ишине тиешелүү башка маалыматтар (эгерде сөз мыйзамдык чектөөлөрү бар ж.б. иштер тууралуу болбосо) ЖМКга биринчи жолу кайрылганда эле берилиши керек.

**4. Макулдашуу принциби.** Бул принцип эриш-аркак иш жасоону, өз ара сый-урмат бар болгонун тастыктап, маалымат берүүнүн тууралыгын кепилдейт;

**5. Тең салмактуулук принциби.** ЖМК сот тутумунун ишин мүмкүн болушунча ишенимдүү чагылдырууга умтулуп, пикирин билдирүүдө жана анализ жасап жатканда этикалык жана кесиптик чектен чыкпашы керек.

### 1.4. Соттун ишин чагылдырууда ЖМК менен иштөөнүн этикалык принциптери

ЖМКда жарыяланган макалаларга жасалган анализ көрсөткөндөй, соттук териштирүүнүн жүрүшүн чагылдырууда ЖМК адатта күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүнө, иш боюнча далилдерге баа берет. Ошентип соттук териштирүү бүткөнгө чейин эле күн мурда соттолуучунун айыптуулугу же күнөөсүздүгү тууралуу тыянак чыгарып коюшат. Муну менен алар сот чечиминин өз вариантын коомго таңуулашууда.

***Журналисттер күнөөсүздүк презумпциясы деген эл аралык норма бар экенин унутпашы керек. Бул нормага ылайык, адамдын күнөөсү мыйзам менен белгиленген тартипте далилденгенге чейин ал күнөөсүз деп саналат.***

Жазык кылмышына айыпталгандардын күнөөсүздүк презумпциясын сактоо кепилдиги сот адилеттигинин эл аралык стандарты болуп эсептелинет жана КР мыйзамдарында конституциялык жана процесстик деңгээлдерде бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине ылайык, ар бир адамдын айыптуулугу мыйзамда каралган тартипте далилденип жана мыйзамдуу күчүнө кирген соттун өкүмү менен аныкталмайынча, ал кылмыш жана (же) жорук жасоодо күнөөсүз деп эсептелет.

Журналисттердин Этикалык кодексинде көрсөтүлгөн эреже боюнча, “журналист күнөөсүздүк презумпциясы принцибин сактайт”. Иш жүзүндө журналист макала даярдап жатканда окурмандар терс кабыл алышы ыктымал болгон, айыпталуучуларга баа берген жана субъективдүү аныктамаларды жана терминдерди колдонбошу керек. ЖМК сотко чейинки же соттук

териштирүүлөрдүн жүрүшүн алдын ала чечип койбошу керек, сот өкүмүнө же башка сот актыларына баа бербеши керек. Сот процессинин бардык катышуучуларына окуя тууралуу өз пикирин айтууга мүмкүнчүлүк берилиши керек.

ЖМК балдарга байланышкан маселелерди чагылдырууга бөтөнчө этият болушу шарт. Журналистте жана редактордо жашы жете электердин жеке жашоосун чагылдыруу үчүн жүйөөлүү негиз жана балдардын ата-энесинин, асырап алгандардын же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн макулдугу болушу керек. Зомбулук окуяларга катышкан, мыйзамсыз аракеттерге байланышы бар балдардын аттарын (же аларды таанууга мүмкүндүк берген белгилерин) жарыялоого жол берилбейт. (КР Журналисттердин Этикалык кодексинин 12-беренеси).

Материалдарды даярдоодо журналист кылмыштардын, кырсыктардын жана чукул кырдаалдардын курмандыгы болгон адамдардын, ошондой эле алардын жакындары менен тууганадарынын аты-жөнүн жана сүрөтүн жарыялоодон оолак болгону кажет. Себеби бул жогоруда айтылган адамдардын ден соолугуна жана психикалык абалына залакасын тийгизиши мүмкүн. Эгер алар таанымал адамдар болсо, же өздөрү ачыкка чыкса, анда жарыялоо мүмкүн (КР Журналисттеринин Этикалык кодексинин 14-беренеси).

### 1.5. Журналисттердин жарандык-укуктук жана жазык жоопкерчилиги

Журналист КРнын Жазык кодексинин бир катар беренелери боюнча жазык жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн. Журналисттер КР ЖК беренелери менен каралган төмөнкүдөй иш-аракеттерди жасаганы үчүн жазык жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн:

- Жеке турмуштун кол тийбестигин бузуу (186-берене);
- Кат алышуу жашырындуулугун бузуу (189-берене);
- Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутуу (313-берене);
- Сот адилеттүүлүгүн жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу (332-берене).

Жеке арыз же сотко чейинки тергөө органдары кылмыш ишин козгоо журналистти жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн негиз болуп саналат.

Муну менен катар жаран ар-намысына, кадыр-баркына же ишкердик беделине шек келтирген маалыматтарды, ал эми юридикалык жак ишкердик беделине шек келтирген маалыматтарды төгүндөө үчүн жарандык-укуктук тартипте арыз менен сотко кайрылууга укуктуу. Мындай учурда сот ЖМКны төгүндөөнү жарыялоого, келтирилген зыяндын ордун толуктап берүүгө жана акчалай түрүндө моралдык зыяндын ордун толуктоого милдеттендириши мүмкүн (КР Жарандык кодексинин 18-беренеси).

## 2-БӨЛҮМ: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА СОТТУК МААЛЫМАТКА ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮК ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМДАРДЫН ЖАЛПЫ ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА НЕГИЗДЕРИ.

### 2.1. Маалыматка жетүүгө болгон укук

Кыргыз Республикасынын Конституциясындагы жоболор маалыматка жана сот адилеттиги менен ЖМКнын ортосундагы мамилелердин мыйзамдар менен жөнгө салууга жеткиликтүүлүгүн негизги булагы болуп саналат. Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана ал Кыргыз Республикасында түздөн түз колдонулат. Конституциянын негизинде конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар кабыл алынат (КР Конституциясынын 6-беренеси).

*КР Конституциясынын 29-беренесине ылайык, Кыргызстанда ар бир адам:*

*- жеке турмушунун кол тийбестигине, ар-намысынын корголушуна укуктуу;*

*- кат-кабар алышуунун, телефондук жана башка сүйлөшүүлөрдүн, почта, телеграфтык, электрондук дагы бөлөкчө жол менен кабарлашуулардын купуялуулугуна укуктуу. Бул укуктарды чектөөгө мыйзамга ылайык жана сот актысынын негизинде гана жол берилет.*

*- ар бир адамга купуя маалыматты, адамдын жеке турмушу жөнүндө маалыматты укук ченемсиз жыйноодон, сактоодон, жайылтуудан коргоо, анын ичинде соттук коргоо кепилденет, ошондой эле укук ченемсиз иш-аракеттер менен келтирилген материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтуртуп алуу укугуна кепилдик берилет.*

*КР Конституциясынын 31-беренесине ылайык, Кыргызстанда ар бир адам:*

*- эркин ой жүгүртүүгө жана өзүнчө пикирге ээ болууга укуктуу;*

*- өз пикирин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине укуктуу;*

*- эч ким өз пикирин билдирүүгө же андан баш тартууга мажбурланууга тийиш эмес,*
*- улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөп, кодулоого, касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөргө тыюу салынат.*

*<u>КР Конституциясынын 33-беренесине</u> ылайык, Кыргызстанда ар бир адам:*
*- маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма менен жайылтуу укугуна ээ;*
*- мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын, мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары катышкан юридикалык жактардын, ошондой эле республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржыланган уюмдардын иштери тууралу маалыматтарды алууга укуктуу;*
*- ар кимге мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын карамагында болгон маалыматтарды алууга кепилдик берилет. Маалымат берүүнүн тартиби мыйзам менен аныкталат.*
*-эч ким адамдын ар-намысын жана беделин жаманатты кылган же кемсинткен маалыматтарды тараткандыгы үчүн кылмыштык жазага тартылышы мүмкүн эмес.*

Маалыматка жетүү укугу мамлекеттик бийликтин өз ишинин ачык-айкындуулугун камсыз кылуудагы милдети болуп саналат. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши тууралуу маалымат жалпыга жеткиликтүү болуп саналат. **Мыйзамда көрсөтүлгөндөн башка учурларда мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүүгө ар кандай чектөөлөрдү коюуга тыюу салынат**.

2008-жылдын 9-июлундагы №141 “Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө” КР Конституциялык мыйзамынын 12-беренесине көңүл буруш керек. Ага ылайык:

1. Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча ишке ар кандайча кийлигишүүгө тыюу салынат. Судьянын сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча ишине кийлигишүүгө күнөөлүү адам мыйзамда каралган жоопкерчиликти тартат.
2. Ушул конституциялык Мыйзамга ылайык судьянын жоопкерчилиги жөнүндө маселе каралган учурлардан тышкары судьядан конкреттүү сот иши боюнча отчет талап кылууга эч кимдин укугу жок.
3. Процесстик мыйзамда каралган учурлардан жана тартиптен бөлөк учурларда судья каралган же анын өндүрүшүндө турган иштердин маңызы боюнча кандайдыр бир түшүндүрмөлөрдү жасоого, таанышуу үчүн ишти кимдир-бирөөгө берүүгө милдеттүү эмес.

(КР 2011-жылдын 13-июнундагы № 41, 2017-жылдын 28-июлундагы №148 конституциялык Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)

**2.2. Соттордо маалыматтарга жетүүгө чектөөлөр**

Улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти коргоо, калктын ден соолугун же адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында маалыматтардын айрым түрлөрүнө чектөөлөр болушу мүмкүн (“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө” КР Мыйзамынын 5-беренесинин 1-пункту).

Бул жагынан алып караганда бардык маалыматтарды эки түргө бөлсө болот:

1. Жалпыга жеткиликтүү маалымат. Ага чектөө киргизилбеген, жалпыга белгилүү болгон маалыматтар кирет;
2. Чектөө киргизилген маалымат. Ага мамлекеттик сырлар, кызматтык купуя сыр, коммерциялык сыр, кесиптик сыр, жеке жана үй-бүлөлүк купуя сыр кирет (жеке жашоо).

**Чектөө киргизилген маалыматтар төмөнкүлөр:**

**2.2.1. Мамлекеттик сырлар**

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларын коргоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 1-беренесине ылайык,

*мамлекеттик сырлар – алып жүрүүчүлөрдүн кайсы болбосун түрлөрүндө сакталуучу жана которуштурулуучу, Кыргыз Республикасынын коргонуу жөндөмдүүлүгүнө, коопсуздугуна, экономикалык, илимий-техникалык жана саясий кызыкчылыктарына тиешеси бар, мамлекеттин контролунда болуучу жана ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын башка*

*мыйзамдарына ылайык иштелип чыккан атайын тизмектер жана эрежелер менен чек коюлуучу маалыматтар.*

Кызматтык сыр мамлекеттик сырга кирген, айрым маалымат түрүндө болот жана аларды толук ачпайт. Кызматтык сырды түзгөн маалыматтарга "жашыруун" деген чектөө белгиси коюлат.

**2.2.2. Коммерциялык сыр**

*"Коммерциялык сыр жөнүндө" КР Мыйзамынын 1-беренесине ылайык,*

*Чарба жүргүзүүчү субъектинин өндүрүшүнө, технологиясына, башкаруусуна, финансылык жана башка ишине байланыштуу мамлекеттик сыр болуп эсептелбеген, аларды ачыкка чыгарганда анын таламдарына зыян келтирилиши мүмкүн болгон маалыматтар коммерциялык сыр деп түшүнүлөт.*

**2.2.3. Кесиптик сыр**

Жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн бир катар кесиптердин өкүлдөрүнө ишенип берилген жеке сырлар кесиптик купуя сыр болуп саналат. Аларга төмөнкүлөр кирет: дарыгерлик (медициналык) сыр, соттук коргоо сыры, баштапкы тергөөнүн сыры, асырап алуу сыры, нотариалдык иш-аракеттердин сыры жана жарандык абалдын актыларынын айрым жазуулары, банк жана коммерциялык сыр, ошондой эле башка купуя сырлар. Мыйзамдар бул чөйрөгө кийлигише албайт, ал ар кандай мыйзамсыз кийлигишүүдөн коргошу керек.

| | |
|---|---|
| Салыктык купуя сыр | КР Салык кодексинин 54-беренеси |
| Банк сыры | КР Жоруктар жөнүндө кодексинин 107-беренеси,<br>КР Жарандык кодексинин 773-беренеси<br>"Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө" КР Мыйзамынын 129-беренеси |
| Медициналык купуя сыр | КР Жоруктар жөнүндө кодексинин 83-беренеси,<br>"Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын коргоо жөнүндө" КР Мыйзамынын 91-беренеси<br>"Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө" КР Мыйзамынын 9-беренеси |
| Адвокаттык сыр | «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" КР Мыйзамынын 30-беренеси |
| Бала асырап алуунун сыры | Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинин 60-беренеси,<br>КР Жоруктар жөнүндө кодексинин 79-беренеси, |
| Байланыш каражаттары аркылуу жиберилүүчү маалыматтын купуялыгын сактоо | "Электр жана почта байланышы жөнүндө" КР Мыйзамынын 21-беренеси |
| Документтердин купуялыгы | "Ломбарддардын иши жөнүндө" КР Мыйзамынын 8-беренеси |
| Нотариалдык купуя сыр | "Нотариат жөнүндө" КР Мыйзамынын 7-беренеси |
| Автордук сыр | "ЖМК жөнүндө" КР Мыйзамынын 20-беренеси |

| | |
|---|---|
| Камсыздандыруу сыры | КР Жарандык кодексинин 933-беренеси, “Кыргыз Республикасында камсыздандырууну уюштуруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 30-беренеси |
| Керээздин жашырындуулугу | КР Жарандык кодексинин 1135-беренеси |
| Сыр төгүүнүн купуялыгы | КР ЖПК, 60-берене<br>КР Жарандык-процесстик кодексинин 78-беренеси |
| Жашыруун добуш берүү | “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Конституциялык мыйзамынын 6-беренеси |
| Кеңешме бөлмөсүнүн купуялыгы | КР АПК, 169-берене,<br>КР ЖПК, 198-берене |

### 2.2.4. Жеке турмуш

Жеке турмуш, жеке жана үй-бүлөлүк купуя сырлар Конституция жана улуттук мыйзамдар менен корголгон. Жалпыга белгилүү болгондой, мамлекет бул чөйрөгө мыйзамдын негизинде өзгөчө учурларда гана кийлигише алат.

Конституция ар бир адамга жеке турмушунун кол тийбестигине, ар-намысынын корголушуна укук берет. Бул укуктарды чектөөгө мыйзамга ылайык жана сот актысынын негизинде гана жол берилет. Ошону менен бирге ар бир адамга купуя маалыматты, адамдын жеке турмушу жөнүндө маалыматты укук ченемсиз жыйноодон, сактоодон, жайылтуудан коргоо, анын ичинде соттук коргоо кепилденет, ошондой эле укук ченемсиз иш-аракеттер менен келтирилген материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтуртуп алуу укугуна кепилдик берилет.

Мындан тышкары, Конституциядагы ченемдерге ылайык, ар бир адам кат-кабар алышуунун, телефондук жана башка сүйлөшүүлөрдүн, почта, телеграфтык, электрондук дагы бөлөкчө жол менен кабарлашуулардын купуялуулугуна укуктуу. Адамдын макулдугусуз анын жеке турмушу тууралуу маалыматты, жашыруун маалыматты жыйноого, сактоого, пайдаланууга жана жайылтууга жол берилбейт.

Мыйзамда белгиленген учурлардан тышкары, адамдын жеке жашоосу жөнүндө купуя маалыматты анын макулдугусуз мыйзамсыз жыйноого, сактоого, пайдаланууга жана жайылтууга тыюу салынган (КР Жазык кодексинин 186-беренеси). Мындан сырткары КР Жарандык кодексинин 20-беренеси да ар бир адамга жеке турмушунун сырын сактоого укук берет жана купуя сырга төмөнкүлөрдү киргизген: телефондук жана башка сүйлөшүүлөрдү, күндөлүк жазууну, жазмаларды, эскерме жазууларды, интимдик турмушту, туулгандыгы, асырап алуунун сырлары, врачтык же адвокаттык сырларды жана салымдардын сырлары ж.б.

“Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, эгерде коомдук зарылдык болуп саналбаса, жарандын жеке турмушу жөнүндө маалыматты анын макулдугусуз жарыялоого тыюу салынат. Эгерде сот жарандын жеке турмушу жөнүндө маалыматты таратуу коомдук зарылдыкты туудурбай тургандыгын тааныса, анда моралдык залал жана материалдык зыян төлөнүп берилет.

## 3-БӨЛҮМ: СОТ МААЛЫМАТЫНА ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮКТҮ КАМСЫЗ КЫЛУУ

**Соттордун иши жөнүндө маалымат дегенде** соттор, Сот департаменти, соттор жамаатынын органдары өз ыйгарым укуктарынын чегинде даярдаган маалыматты же **ушул сот органдарына түшкөн** жана соттордун ишине тиешелүү **маалыматты** түшүнүш керек.

Ошентип, соттордун карамагында болгон бардык маалыматтар соттордун иши тууралуу маалыматка кирет. Ошону менен бирге бул маалыматты соттор өздөрү түздөн-түз даярдадыбы же ал тышкы булактардан келдиби – бул маанилүү эмес.

**Сот маалыматтарына жеткиликтүүлүк төмөнкү жолдор менен камсыз болот:**

1. Жарандардын (жеке жактардын), анын ичинде уюмдардын өкүлдөрүнүн (юридикалык жактардын), коомдук бирикмелердин, мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сотто каралып жаткан иштер боюнча ачык сот отурумдарына катышуусу аркылуу;
2. Соттордун иши жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарында маалыматты ачыкка чыгаруу (жарыялоо) аркылуу;
3. Маалыматты соттордун, сот органдарынын жана соттор жамаатынын органдарынын Интернет тармагындагы расмий сайттарына жайгаштыруу аркылуу;
4. Соттор жана сот органдары ээлеген имараттарда (жайларда) атайын бөлүнгөн жерлерде маалыматты жайгаштыруу аркылуу;
5. Колдонуучу маалыматты сураган учурда ага документ түрүндө жана электрондук түрүндө берүү аркылуу;
6. Маалыматты оозеки формада берүү – жарандарды (жеке жактарды), анын ичинде уюмдардын (юридикалык жактардын), коомдук бирикмелердин, мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн кабыл алууда, ошондой эле сурап-билүү телефондору аркылуу телефондон берүү менен.

**3.1. Суроо-талап боюнча маалыматты берүү**

Суроо-талапты сотко ар бир адам – маалыматты колдонуучу жибере алат.

Сот бийлигинин органдарына суроо-талап менен оозеки формада да, жазуу формасында да кайрылууга болот.

Жалпы эрежеге ылайык, бардык мамлекеттик органдар суроо-талап боюнча маалыматты суроо-талап түшкөн күндөн тартып 14 жумушчу күндүн ичинде берет.

Эгерде 14 жумушчу күндүн ичинде суроо-талапка жооп даярдоо мүмкүн болбосо, кийинкиге жылдыруунун себебин көрсөтүү менен бул тууралуу суроо-талап жиберген адамга билдирилет. Кийинкиге калтыруу 30 календарлык күндөн ашпоого тийиш.

***3.1.1. Жазуу жүзүндөгү суроо-талаптын формасы:***

1. Жазуу жүзүндө түзүлгөн суроо-талапта жиберилип жаткан сот органынын аталышы же тиешелүү кызмат адамдын аты-жөнү жана инициалдары көрсөтүлөт.
2. Суроо-талапта маалыматты алуунун зарылчылыгын түшүндүрүп берүү талап кылынбайт.
3. Суроо-талапта төмөндөгүлөр көрсөтүлөт: жарандар үчүн - фамилиясы, аты-жөнү, туулган жылы, жашаган жери (почта дареги); юридикалык жактар (алардын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү) үчүн - юридикалык жактын (анын филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн) толук аталышы, башкаруу органынын жайгашкан жери (почта дареги), юридикалык жак катары каттоодон өткөндүгү жөнүндө маалымат, жазуу жүзүндөгү суроо-талапка кол койгон адамдын фамилиясы жана кызматы. Маалымат сураган адам суроо-талапка өзүнүн байланыш телефонунун номерин, электрондук дарегин, ошондой эле анын оюу боюнча суроо-талапты аткарууга көмөк көрсөтүүчү башка маалыматтарды кошууга укуктуу.
4. Суроо-талап анын мазмуну суратылып жаткан маалыматты аныктоого жардам бере тургандай түзүлүшү керек.
5. Байланыш каналдары аркылуу тексттик билдирүүлөр түрүндө түшкөн маалымат берүү жөнүндө суроо-талаптар сот органынын техникалык мүмкүнчүлүктөрү болсо документтерди тийиштүү формасында жиберүү аркылуу канааттандырылат.
6. Суроо-талапта укуктун нормаларын чечмелеп берүү, анын колдонулушун түшүндүрүү же соттук актыларга укуктук баа берүү, суроо-талап боюнча укуктук позициясын айтуу, соттук практикага анализ жасоо же маалыматты сураткан колдонуучунун укуктарын коргоого түздөн түз байланышпаган башка бир аналитикалык ишти аткаруу жөнүндө маселе коюлбашы керек.
7. Суратылган маалымат сот адилеттигин жүзөгө ашырууга тоскоол болбошу керек.

**3.1.2. Маалымат берүүдөн баш тартуунун негиздери**

**Иш тууралуу маалымат берүүдөн төмөнкү негиздер болгон учурда баш тартылышы мүмкүн:**

1. Суратылган маалыматтар алууга чек коюлган маалыматтардын категориясына киргизилген документтерге кирсе;
2. Суратылган маалымат жазуу жүзүндөгү суроо-талапка коюлган талаптарды бузуу менен жиберилсе;
3. Бир эле маселе боюнча ошол адамдын суроо-талабы борбордук органдын же анын ведомстволук бөлүмүнүн кароосунда турса;

4. Ведомстволук бөлүмдөрдө тийиштүү документтер болбосо жана ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык алардын болушу милдеттүү болбогон учурларда;
5. Акыркы үч айда ошол эле адамга суроо-талап боюнча берилген маалыматка дээрлик дал келген суроо-талап берилген учурда.

**Маалымат берүүдөн баш тартуу жүйөлүү болуп**, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине конкреттүү шилтемелерди камтышы керек. Ошондой эле маалымат берүүдөн баш тартууга карата даттануунун ыкмалары жана тартиби көрсөтүлүүгө тийиш.

**3.1.3. Суроо-талапка жооп кайтарууга коюлган талаптар**

1. Суроо-талапка берилген жоопто аны даярдаган жооптуу адамдын фамилиясы жана кызмат орду, суроо-талаптын кыскача мазмун-маңызы, берилүүчү документтердин тизмеси, жоопко кол коюлган күн көрсөтүлөт;
2. Эгерде андай маалымдамалар же тексттердин бөлүгү суроо-талапты канааттандыргыдай маалыматтап турса жана документтердин тексттеринин ордуна аларды берүүгө суроо-талашын мүнөзүнө ылайык жол берилсе, берилүүчү документтердин тексттери же болбосо алар же документтердин тексттеринин бир бөлүгү жөнүндө маалымдамалар берилет.

Соттордун иши тууралуу маалымат колдонуучуларга мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрдө берилет. Соттор суратылган маалыматтын мүнөзүн жана конкреттүү убакыт аралыгында колдонуучу үчүн анын маанисин (актуалдуулугун) эсепке алып, мындай маалыматты ыкчам берүү боюнча чараларды көрүшү керек.

**3.2. Сот актыларын ачык булактардан алуу жана аларды элге жарыялоо**

Соттордун ишинин ачыктыгын жана айкындуулугун камсыз кылуу максатында, ошондой эле жарандардын, юридикалык жактардын, мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сот актыларына өз убагында жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн адистештирилген сайт түзүлгөн. Ал сайтта соттук актылар ачык жарыяланат (http://act.sot.kg).

Бул сайтта жарандык, экономикалык, административдик, жазык иштер жана жоруктар боюнча иш сотто каттоого алынган учурдан баштап, соттук актыны чыгарганга чейинки толук маалыматтар жайгаштырылат. Соттук актылар Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарында белгиленген соттук териштирүүнүн ырааттуулугун сактоо менен, маңызы боюнча чыгарылат. Соттук актыларга жеткиликтүүлүк жөнөкөй жана жеңил болушу керек.

Соттук акт – бул соттун укук колдонулуучу актысы, ал жарандык, жазык же административдик ишти маңызы боюнча чечет, аны аткаруу милдетин жүктөйт, ошондой эле соттук териштирүүнүн жүрүшүндө пайда болгон айрым маселелерди чечет. Соттук актыларга өкүм, чечим, аныктама, токтом жана соттук буйрук кирет.

Иштин маңызы боюнча белгиленген формада чыгарылган жана эл алдында жарыяланган соттук актылардын тексттери жалпыга жеткиликтүүлүк үчүн ачык жана соттук актыларды деперсонификациялоо боюнча талаптарды эске алуу менен жарыяланат. Бул талаптар “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө” КР Мыйзамында жана “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун соттук актыларын жана отурумдарын жарыялоо тартиби жөнүндө” Нускамада көрсөтүлгөн.

Айталы, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө” КР Мыйзамынын 18-2-беренесинин 2-3-пункттарына ылайык, *жалпыга жеткиликтүүлүк үчүн ачык соттук актылардын тексттеринде жакты (жеке жана юридикалык жакты) идентификациялоого мүмкүндүк берүүчү маалыматтар жарыяланбайт. Мындай маалыматтар инициалдар, литердик же санариптик белгилер менен алмаштырылат.*

*Ушул berененин 2-пунктунда көрсөтүлгөн маалыматтарга төмөнкүлөр кирет:*

*1) жеке адамдардын аты, атасынын аты, фамилиясы;*

*2) жарандардын (жеке жактардын) жашаган же турган жеринин дареги, телефондорунун же башка байланыш каражаттарынын номерлери, электрондук почтасынын даректери;*

*3) паспорттук маалыматтар, жеке номерлер (коддор) жана жеке жактардын жарандык абалынын актыларынын жазууларына тийиштүү маалыматтар;*

*4) транспорт каражаттарынын техникалык паспортунун маалыматтары;*

*5) ага каршы соттук талаптар сот тарабынан мыйзамсыз жана негизсиз деп таанылган юридикалык жактын аталышы жана идентификациялык номери;*

*6) жакты идентификациялоого мүмкүнчүлүк берүүчү башка маалымат.*

### 3.3. Интернет ресурстары

Кыргыз Республикасындагы соттордун сайттары да ЖМК үчүн пайдалуу маалымат булагы болуп саналат. "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө" КР Мыйзамында расмий интернет ресурста жайгаштырылышы керек болгон маалыматтын бир кыйла кенен тизмеги камтылган.

**Кыргыз Республикасынын сот системасынын интернет ресурстары:**

www.sot.kg – Жогорку соттун сайты.

www.suddep.sot.kg – Жогорку сотко караштуу Сот департаментинин сайты.

www.otbor.sot.kg – Сотторду тандоо боюнча кеңештин сайты.

www.tartip.sot.kg – Соттор кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын сайты.

www.act.sot.kg – Соттук актылардын маалымат базасы.

www.vshp.sot.kg – Жогорку сотко караштуу Сот адилеттигинин Жогорку мектебинин сайты

### 3.4. ЖМКнын соттук отурумдарга катышуусу

Сот өндүрүшү жөнүндө мыйзамдарга ылайык, соттук процесстер каралып жаткан маселелердин маңызына жараша ачык да, жабык да болушу мүмкүн.

Жалпы эреже – бардык соттордо ишти териштирүү ачык өтөт. Башкача айтканда, соттук отурумдар коом үчүн жана отурумга катышууну каалагандар үчүн ачык болот. Соттук актылар да ачык жарыяланат. Мамлекеттик сырга кирген иштер боюнча, ошондой эле мыйзамдарда көрсөтүлгөн башка иштер боюнча соттук отурумдар жабык өтөт жана чечим да жабык отурумда жарыяланат.

#### 3.4.1. Ачык сот отурумдары

Журналисттин сот отурумун тасмага тартуу ниетин соттун басма сөз катчысы отурумга төрагалык кылган судьяга билдирет. Басма сөз катчысы болбогон учурда журналист тасмага тартуу ниети тууралуу отурумга төрагалык кылган судьяга өзү айтууга милдеттүү.

Өз кезегинде судья процесстин катышуучуларынын пикирин сурайт. Мындан тышкары киного жана сүрөткө тартуу, видеону жаздыруу, түз радио уктуруу жана телекөрсөтүү тууралуу аныктама чыгарып жатканда бул иш-аракеттердин убактысын чектөөгө да укуктуу. Ошондой эле судья соттук отурумдун жүрүшүндө сүрөткө жана видеого тартып жаткан оператордун жана техниканын кыймылын чектей алат. Бул иш-аракеттер соттук отурумдун нормалдуу жүрүшүнө тоскоол болбоого тийиш, соттук отурум өтүп жаткан залда сот көрсөткөн жерде жүзөгө ашырылат.

Операторлордун же сүрөтчүлөрдүн иши, техниканы жылдыруу, адамдардын залдын ичинде ары-бери басып жүрүшү соттук процесске тоскоол боло турганын ЖМК өкүлдөрү түшүнүшү керек. Ошондой эле психологиялык жагын да эстен чыгарбаш керек – адатта камерага тартылып жаткан адам өзүн ыңгайсыз сезип, бул жагдай соттук отурумдун нормалдуу өтүүсүнө тоскоолдук жаратышы ыктымал. Сот процессинде журналисттердин ишине жана техникага киргизилген чектөөнү мына ушундай себеп менен да түшүндүрсө болот.

Ачык соттук отурумдарда журналист:

- соттук отурумдун жүрүшү боюнча кыска жазууларды жасай алат,
- үн жазучу каражаттарды колдоно алат.

Бирок соттук отурумду **киного жана сүрөткө тартуу, видеону жаздыруу, түз радио уктуруу жана телекөрсөтүү** тууралуу сөз болуп жатканда бул иш-аракеттерге **соттун уруксаты менен гана, ишке катышып жаткан адамдардын пикирлерин эсепке алуу менен жол берилет** (КР Жарандык-процессуалдык кодексинин 13-беренеси).

Жабык соттук отурумду радио жана телекөрсөтүү аркылуу түз алып берүүгө жол берилбейт.

#### 3.4.2. Жабык сот отурумдары

Соттук териштирүүнүн ачыктыгы жалпы эрежесиндеги бөтөнчө учур – жабык отурумдар.

Мамлекеттик жашыруун сыр болгон маалыматтарды камтыган иштер, ошондой эле мыйзамда белгиленген башка иштер соттун жабык отурумунда каралат жана чечимдер жарыяланат.

Соттук жабык териштирүүгө сотко катышкан жактын коммерциялык же мыйзам аркылуу корголуучу башка сырды сактоо, жарандардын жеке турмушу жөнүндөгү маалыматтарды ачыкка

чыгарбоо зарылчылыгына таянуу өтүнүчү канааттандырылганда жана ачык талкуулоо иштин туура каралышына жолтоо болуучу башка жагдайларга жараша жол берилет. Судья соттук процесстин ачык, жабык өтүшү же видеого-сүрөткө чектөө киргизүү тууралуу өтүнүчтү чечет. (Жарандык-процессуалдык кодекстин 13-беренеси). Эгерде сот ишти териштирүүнүн жалпы процессин же бир бөлүгүн жабык жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алса, процесстин катышуучулары болуп саналбаган адамдар жана ЖМК өкүлдөрү сот залына киргизилбейт.

Жабык соттук териштирүүгө судьянын жүйөлөнгөн токтому, соттун аныктамасы боюнча төмөнкүдөй учурларда жол берилет:

1. Муну мамлекеттик сырды сактоо кызыкчылыгы талап кылса;
2. Жашы жете электер тарабынан жасалган кылмыштар жөнүндө кылмыш иштери каралган учурларда;
3. Ишке катышуучу адамдардын жашоосунун купуя жактары жөнүндө маалыматтарды же ар-намысты жана беделди кемсинткен маалыматтарды жайылтпоо максаттарында, инсандын жыныстык кол тийбестигине жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар жана башка кылмыштар жөнүндө иштер боюнча;
4. Мамлекеттик сыр болуп саналган маалыматтар камтылган иштер боюнча;
5. Асырап алуу сырын, жеке турмуштун кол тийбестигин, жеке, үй-бүлөлүк, коммерциялык сырды же мыйзам менен корголгон башка сырды сактоону камсыз кылуу үчүн;
6. Сот залында процесстин катышуучулары жапырт тартип бузган учурда;
7. Процесстин катышуучуларынын жана күбөлөрдүн, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана жакын туугандарынын коопсуздугун камсыздоо кызыкчылыктары муну талап кылган учурларда (ЖПК, 22-берене).
8. Жеке мүнөздөгү маалыматтарды камтыган жеке кат алышуусу, телефондон сүйлөшүүлөрү, почталык, телеграфтык, электрондук жана башка билдирүүлөрү кат алышуунун жана билдирүүнүн сырларын коргоо максатында, жарандардын ачык сот отурумунда ушул кат алышууга жана билдирүү берүүгө катышкан адамдардын макулдугу менен гана жарыяланат.

Жабык соттук процесстин катышуучулары, ошондой эле ишке катышкан адамдар, алардын өкүлдөрү, ошондой эле зарыл учурда күбөлөр, эксперттер, адистер, котормочулар жабык режимде өтүп жаткан процесстин жүрүшү тууралуу маалыматтарды жарыялоого укугу болбогонун ЖМКнын өкүлдөрү унутпашы керек.

Соттук териштирүүнүн ачык-айкындуулугун чектөөгө жана жабык отурумдарды өткөрүүгө эл аралык стандарттар да жол берет. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 14-беренесинин 1-пунктуна ылайык, соттор моралдык себептен улам, демократиялык коомдо тартипти же мамлекеттик коопсуздукту сактоо максатында же адамдын жеке турмушун сактоо үчүн же соттун баамында өтө зарыл болгон учурларда – ачыктык сот адилеттигинин кызыкчылыктарын бузушу ыктымал делген өзгөчө жагдайларда элди же анын бир бөлүгүн сотко катыштырбоого укуктуу.

## 4-БӨЛҮМ: БАСМА СӨЗ КАТЧЫЛАРДЫН НЕГИЗГИ PR-УСУЛДАРЫ

Сот тарабынан ЖМК менен байланыш түзүү демилгеси натыйжалуу өз ара аракеттин кепилдиги болуп саналат. Сот өкүлдөрү ЖМКда чагылдырылышы керек болгон окуя тууралуу биринчи болуп билдирсе, алар ошол окуяны чагылдыруунун өзөгүнө айланышат жана бардык ЖМК өкүлдөрү бирдей баштапкы маалыматты алышат, ал эми соттор болсо окшош суроолорго кайра-кайра жооп берип отурушпайт. Буга байланыштуу өз ишин чагылдыруу боюнча соттор тарабынан демилге көтөрүү усулу ЖМК менен эриш-аркак иштөөдө натыйжалуу жана пайдалуу болуп саналат. Бул усул иштеп кетиши үчүн прессага берилген маалымат толук жана түшүнүктүү болушу керек. Ошондо ар бир журналист өзүнүн пикирин жана түшүндүрмөсүн кошумчалабастан маалыматты жеткире алат.

### 4.1. Байланыш каналын жана усулун тандап алуу

Кеңири коомчулукка кайсы бир маалыматты жеткирүү зарылчылыгы пайда болгон учурда кайсы канал жана усул колдонулаарын чечип алышы керек. Башкача айтканда, максаттуу аудитория менен байланыш түзүүнүн жолдору аныкталууга тийиш. Эң оптималдуу натыйжага жетүү үчүн маалыматты жеткирүүнүн бир нече каналын бир учурда колдонуу сунушталат. ЖМК менен байланыш түзүү үчүн төмөнкүдөй негизги каналдар колдонулса болот:

**Пресс-релиз** – ЖМКга маанилүү окуя тууралуу маалыматты ыкчам жеткирүүгө жол берет.

**Басма сөз жыйыны** – окуя коомчулуктун назарын бурганда же ал окуяны кыскача фактларды камтыган пресс-релизди чыгаруу менен чагылдырууга мүмкүн болбогон учурларда колдонулат. Басма сөз жыйыны – жалпы келген ЖМК өкүлдөрүнүн суроолоруна жооп кайтаруунун пресс-релизге караганда эффективдүү ыкмасы. Басма сөз жыйынында ЖМК маектешүү үчүн атайын **белгиленген** убакыт ичинде эксперттер менен баарлаша алышат.

**Соттун расмий сайтын да** ЖМК өкүлдөрүн жана коомчулукту жалпы мүнөздөгү жаңылыктар менен кабардар кылуу үчүн колдонсо болот. Мындай кабарлар соттор менен байланыш жолдору, алар тууралуу фактылар, юридикалык түшүнүктөрдүн кенен чечмелениши же суроолор менен жооптордун тизмеси түрүндө берилиши мүмкүн. Маалыматтын сайтка жарыяланышы журналисттердин ишин жеңилдетет. Себеби алар сотко комментарий алуу максатында кайрылып отурушпайт. Ошондой эле соттун кызматкерлеринин жүгү да азаят.

**Көп берилген суроолорду** жана аларга жоопторду да сайтка жайгаштырып, ЖМКнын маалыматка муктаждыгын канааттандырса болот. Журналисттер сот кызматкерлерине кайсы суроолор менен көп кайрылса, ошолорду сайтка киргизиш керек. Ал эми бул суроолорго жооптор жаңылык даярдоо үчүн зарыл болгон жетиштүү маалыматтарды камтышы керек.

## 4.2. Басма сөз катчылардын ЖМК менен иштөөдө негизги PR-усулдары

### 4.2.1. Пресс-релиз

Эгерде сөз ЖМКнын назарын бурган окуя тууралуу болуп жатса, пресс-релизди сөзсүз чыгарыш керек. Пресс-релиз ЖМК менен иштөөдө өтө маанилүү усул. Жакшы жазылган пресс-релиз коомчулук менен байланышууда натыйжалуу ыкма боло алат. Пресс-релиз болуп жаткан окуянын маңызы тууралуу тең салмактуу маалыматты коомчулукка жеткирүүдө сотко жардам берет.

Ар бир пресс-релиздин жаңылыкка жарай тургандай, окурмандын назарын бурчудай потенциалы жана структурасы болушу керек. Пресс-релиз мазмунун эч өзгөртпөстөн жаңылыкка чыгарууга же радиодон, телевидениеден жарыялоого боло тургандай даярдалышы керек. Эреже боюнча, пресс-релиздин жалпы көлөмү 2500 символдон же бир барактан ашпашы керек.

**Пресс-релиздин структурасы.**

**Баш аты:** Көңүлдү бурууга жөндөмдүү баш атты коюш керек. Негиз катары эффект жараткан баш атты прессадан алып, аудитория үчүн өзгөчө кызыктуу боло турганга көңүлдү буруу зарыл.

**Баш сөз:** Эң маанилүүлөрүн башында айтыш керек. Баш сөз беш саптан ашпай, окуянын кыскача сүрөттөлүшүн камтууга тийиш. Пресс-релиздин баш аты да, баш сөзү да окурмандын назарын буруп, болгон окуянын маңызы тууралуу баяндашы керек.

**Негизги текст:** Негизги текстте жаңылыкты дагы толугураак баяндап, этегинде окуя кантип башталганын кыскача сүрөттөп берүү зарыл. Мисалы, сот чечиминин негиздемесин берип, мындай чечим кабыл алынгандан кийин эмне болоорун айтып берип, сот чечиминин өзгөчө маанилүү деталдарын белгилей кетсе болот. Текстке соттук процесстин катышуучуларынын биринин, мисалы прокурордун кыска цитаталарын кошуу сунушталат. Бул цитаталарды ЖМК өз материалдарына колдоно алат. Цитатаны бергенден кийин анын авторунун аты-жөнүн жана кызматын көрсөтүп коюш керек. Цитата жөнөкөй жана кыска болуп, адистер гана түшүнчү терминдерди колдонбой эле коюш керек.

**Кошумча маалымат**: ЖМКнын суроолоруна жооп бере ала турган адамдардын аты-жөнүн жана алар менен байланыш жолдорун көрсөтүп коюш керек. Бул адамдар менен пресс-релиз жарыяланган күнү байланышууга мүмкүнчүлүк болуш керек.

### 4.2.2. Басма сөз жыйыны

Басма сөз жыйынын уюштуруу үчүн себептердин бири – ЖМКда чуулгандуу ишке же кайсы бир окуяга карата өзгөчө кызыгуу болгон учурда маалыматтык ачыктыкты камсыз кылууга умтулуу. Ошондой окуяга байланыштуу өткөн басма сөз жыйынына көп сандагы ЖМК өкүлдөрү келип берет.

Дагы бир себеп – сот үчүн маанилүү болгон теманы чагылдыруу үчүн ЖМКнын назарын буруу ниети. Мындай учурларда басма сөз жыйыны дыкат ойлонуштурулуп, ЖМКнын көз карашынан алып караганда маанилүү жана кызыктуу боло турган маалыматтарды камтышы керек.

**Басма сөз жыйындын убактысы.** Басма сөз жыйынын өткөрүү үчүн эң жакшы убакыт – эртең мененки саат 10дон 12ге чейинки учур. Бул маалда ЖМК бош болот деген ыктымалдуулук жогору жана алар жыйынга катыша алышат. Ошондой эле журналисттерде сапаттуу макаланы же

жаңылыкты даярдоо үчүн убактысы кенен болот. Басма сөз жыйынын пландап жатканда ошол күнү болчу башка маанилүү окуяларга да көңүл буруш керек. Себеби ЖМКнын назарын бурган андан да кызыктуу окуя болсо, журналисттер ага артыкчылык берип, басма сөз жыйынына келбей коюшу ыктымал.

**Басма сөз жыйыны жөнүндө маалымат.** Басма сөз жыйынын өткөргөнгө чейин ЖМК үчүн таратып берме маалыматты даярдап алуу сунушталат. Сан түрүндө маалымат канчалык көп берилсе, журналисттер ката кетирип алышы ыктымал деген тобокелдик да ошончолук азаят.

**Басма сөз жыйынына чакыруу.** Чакыруу ЖМКга күн мурунтан жиберилиши керек. Чакырууда төмөнкүлөр жазылат: иш-чаранын темасы, өтчү жери жана убактысы, ошондой эле анын катышуучулары. Чакырылган ЖМК өкүлдөрүн күн мурунтан бир күндүк аккредитациялоодан өткөрүп коюу сунуш кылынат. Бул болсо басма сөз жыйыны өткөн күнү катчынын ишин жеңилдетет.

**Басма сөз жыйыны жөнүндө пресс-релизди таратуу.** Басма сөз жыйынга чакыруулар таратылса да, пресс-релизди даярдап коюу зарыл. Ошондо басма сөз жыйынын чагылдырбоону чечкен ЖМК да окуя тууралуу маалымат алышат.

**Басма сөз жыйындан кийин кыска маектер үчүн убакыт.** Басма сөз жыйыны бүткөндөн кийин журналисттерге кыска маек үчүн бир аз убакыт калтыруу сунушталат. Өзгөчө бул иш-чара чукул жарыя үчүн уюштурулган учурда маанилүү.

### 4.2.3. Маек.

**Маекти даярдоо боюнча сунуштар.**

ЖМК маалыматты, фактыларды чогултуп, репортаждын өзөгүн даярдап алуу үчүн маектешет. Респонденттин милдети – анын компетенциясына кирген жана адис катары билген тармакка тиешелүү суроолорго жооп берүү.

Маектин алдында респондентти даярдоо үчүн “Текст түрүндө жарыяланабы же уктурулабы, качан жарыяланат/уктурулат, маек учурунда кандай суроолор берилет?” деп ЖМК менен алдын ала макулдашып алуу зарыл.

Маек толук жана маңыздуу болушу үчүн маектешчү адам коомчулукка жеткиргиси келген жоопторун дыкат ойлонуп, даярдап алышы керек. Маектешчү адам өз оюн жөнөкөй жана түшүнүктүү тилде жеткирүүгө тийиш. Антпесе түшүнүксүз кырдаал жаралышы ыктымал.

Маектешүү үчүн жакшы шарттар түзүлүшү керек: респондент телефонун өчүрүп, өзүнө ыңгайлуу абалда отурушу керек, баарлашуу процессине эч ким тоскоол болбошу керек.

ЖМК менен маектешүү маалында респондент ачык болгонун, кесибине берилгенин көрсөтүүгө тийиш.

### 4.2.4. Баяндамачылардын/эксперттердин институту (Пул)

Коомдук пикирди түзүү үчүн кээде тема боюнча фактыларды жөнөкөй тил менен жеткирүү гана жетиштүү болот. Ал талкууланган же жаңылыктарга чыккан тема боюнча, же ЖМКда чагылдырылган кандайдыр бир окуя тууралуу калыптанып калган пикир боюнча болуп, кырдаалга башкача көз караштан баам салууга, же чечмелөөгө түртөт. Бул жагынан алып караганда, эксперттер жазган макалалар мына ушул функцияны аткара алат.

Эксперттердин макалалары кайсы бир маселе боюнча коомдук пикирди түзүп, бул маселеге назарды буруп, автордун ошол тема боюнча эксперт катары таанылуусуна шарт түзөт. ЖМК өз чөйрөсүндө адис катары таанылган адамдан пикир сурап көп кайрылат. Бул болсо коомчулукка соттордун ролун жана аркалаган ишин жеткирүү үчүн пайдалуу болот. Эксперттик макала жеке пикирди же саясий көз караштарды билдирүү үчүн колдонулбашы керек.

**Баяндамачылардын/эксперттердин институту** – бул жогорку деңгээлдеги сот системасында иштеген же иштеп кеткен кызматкерлер. Ошондой эле соттук иш чөйрөсүндө практикалык тажрыйбасы бар, бул багытта таанылган, ЖМК үчүн “өз” темасына ыкчам жана легитимдүү сүйлөп берүүгө даяр эксперттер. Ошентип ЖМКда кандайдыр бир белгилүү тематикадан толук түшүнүгү бар, туруктуу маалымат булагы пайда болот.

### 4.2.5. Социалдык тармактар (блогдор)

Социалдык тармактарды колдонуучулардын саны барган сайын көбөйүүдө. Мындан улам сот органдары жана алардын өкүлдөрү да бул агымдан артта калбашы керек. Ошол эле маалда ЖМК менен иш алып барууда бул багытта башкача ыкма жана өз стратегиясы талап кылынат. Макала үчүн жаңы тема издеп, коомдо талкууланып жаткан окуялардан кабардар болуш үчүн ЖМК “Инстаграммда”, “Фейсбукта” ж.б. тармактарда жарыяланган ой-пикирлерди дыкат көзөмөлдөп турат.

### 4.2.6. Жокко чыгаруу жана жооп кайтаруу

Сотторго карата айтылган пикирлер жана оюн айткысы келген тараптар көп болот. Кээде ЖМКда чындыкка дал келбеген маалыматтар чыгып кетет. Эгерде ЖМК соттордун иши тууралуу жалган маалымат таратып жатса, аны жокко чыгаруу зарыл.

Сот анын иши тууралуу чындыкка дал келбеген, сот бийлигинин аброюна шек келтирген маалыматтар таратылып жатса, аларды жокко чыгарууну талап кылууга укугу бар.

Талаштуу маалыматты жарыялоого эмне себеп болгонун түшүнүп алыш керек. Адатта ЖМК муну жаман ой менен жарыялабайт. Эгерде сот чечиминин толук тексти соттун расмий сайтында белгиленген тартипте жана мөөнөттө жарыяланбаса, журналист так эмес, бир тараптуу же туура эмес маалыматты чыгарды деп аны айыптоого болбойт. Себеби кээде бул – ЖМК үчүн маалыматтын жалгыз объективдүү булагы, эгерде ал болбосо, журналист маалыматты башка жактан алат же бир тараптуу кылып чыгарып салат.

Ошондой эле маалымат канчалык чындыкка шайкеш келээрин баалаш керек. ЖМК фактылардын чындыкка шайкеш келбегени үчүн жоопко тартылаарын унутпашы керек.

ЖМК тараптан өтө орой же атайын бурмалоо максатында жасалган ката кетпесе, мүмкүн болушунча сылык реакция жасоо зарыл. Мисалы, басма сөз катчы журналист менен байланышып, өзүн тааныштырып, объективдүү маалымат алуу үчүн ага кайрылууга боло турганын айтышы керек. Көп учурда ушундай иш-аракеттер келечекте жалган маалыматтын алдын алат.

Жалган маалымат чыккан күнү аны төгүндөш керек же ЖМКга маалыматты жокко чыгарууга даярдык көрүлүп жатканын эскертип коюу зарыл.

### 4.2.7. ЖМКны окутуу – “Укуктук ликбез”

Укуктук тематика жалпы эрудициядан жана курч макала жазгандан тышкары, журналисттин негизги даярдыгын да талап кылат. Ошондуктан сот ишин чагылдырган журналист өзүнүн кесипкөй деңгээлин дайыма жогорулатып, соттордун ишинин спецификасын билиши керек. Соттун ишин жөнгө салган документтер ачык болот.

Тилекке каршы, сот ишин чагылдырган кесипкөй кабарчылардын институту азырынча жок. Сот процесстерин көп учурда жалпы багытта иштеген журналисттер чагылдырып келүүдө. Алар юриспруденциядагы терминдер жана түшүнүктөр менен дайыма эле тааныш боло беришпейт.

Соттор тараптан баяндамачылар менен журналисттер сот системасынын иши, маалымат жеткирүүдө бар болгон объективдүү чектөөлөр тууралуу туруктуу, мазмундуу диалог жүргүзүп туруу сунушталат. Сөз ЖМКда жарыяланган маалыматтарда ката кетирбөө максатында укуктук ликбез тууралуу болуп жатат.

### 4.2.8. ЖМКны кесипкөй белгилери боюнча аккредитациялоо

Соттордун ишин туруктуу аккредитациялоодон өткөн, укуктук ченемдерди жакшы билген жана өз беделин сактаган журналисттер чагылдырып турса жакшы болот.

Юридикалык проблематика боюнча таанылган адистер, соттук журналистика багытында иштегендер сот ишин чагылдырууга туруктуу аккредитацияны алышы керек. Бул – кесипкөй авторлорго сый-урмат жасоо жана соттун басма сөз катчысын күн сайын аккредитациялоодон өткөрүү милдетинен бошотуу. Атүгүл, журналисттерди аккредитациялоо маалыматты маңыздык жагынан алып караганда коопсуз кылат.

Аккредитациялоодон өткөн журналист алдыда болчу соттук отурумдар, соттор өткөрө турган иш-чаралар жөнүндө маалыматты күн мурунтадан алат. Мындан тышкары ал аккредитацияланган күбөлүк жана тек жайын тастыктаган документ менен сот залына эркин кирип, сот иши ачык өткөн учурда ага эч тоскоолдуксуз катышып, стенограмма жана үн жаздырып алат. Бул болсо журналисттин ишин бир кыйла жеңилдетет.

Журналисттерди аккредитациялоо “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунда жалпыга маалымдоо каражаттарынын журналисттерин аккредитациялоодон өткөрүү тартиби жөнүндө” Жобонун негизинде жүзөгө ашырылат.

### 4.2.9. ЖМКга мониторинг жүргүзүү

ЖМКга мониторинг жүргүзүү сот системасы тууралуу жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланган басылмалар менен туруктуу негизде таанышып, талдоо дегенди билдирет. Мониторинг ЖМК менен эриш-аркак иштөөнү пландоонун маанилүү бөлүгү болуп саналат жана төмөнкүдөй максаттарга жетүү үчүн жасалат:

1. Коомчулуктун элесинде соттордун имиджи кандай болгонун баамдоо;
2. ЖМКда жарыяланган туура эмес маалыматтарды текшерип, аларды жокко чыгаруу;

3. Объективдүү эмес мүнөздөгү макалаларды болтурбоо максатында маалымат берүү мүмкүнчүлүгү;
4. Соттордун оң имиджин түзүү үчүн ЖМКны маалымат каналы катары туура колдонуу үчүн журналисттердин маалымдуулугун жогорулатуу.

Ушул тапта соттордун басма сөз катчыларынын ишинде сот системасы тууралуу ЖМКда жарыяланган оң жана терс маанайдагы макалаларды саноо практикасы бар. Бул болсо ЖМКда сот тутуму тууралуу материалдардын мүнөзүндөгү өзгөрүүлөрдүн динамикасын билип турууга мүмкүнчүлүк берет.

Жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча соттун басма сөз катчысы алган маалыматты колдонушу керек. Бул ЖМК менен мындан аркы байланышты пландоо жана ЖМК менен натыйжалуу байланыш түзүү үчүн максаттарды жана тапшырмаларды аныктап алуу үчүн колдонулушу керек.

## 5-БӨЛҮМ: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ СОТ ТУТУМУ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ. ЖУРНАЛИСТ СОТ СИСТЕМАСЫ ТУУРАЛУУ ЭМНЕЛЕРДИ БИЛИШИ КЕРЕК.

Сот тутуму сот адилеттигин жүзөгө ашырган Жогорку соттон жана жергиликтүү соттордон турат. Жогорку соттун курамында Конституциялык палата иштейт.

Жогорку сот Жогорку соттун төрагасынан, төраганын 3 орун басарынан жана 31 судьядан турат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана соттук коллегиялардын Пленумунун ыйгарым укуктары мыйзам менен бекитилген. 2016-жылдын август айынан бери Жогорку соттун Пленумунун токтомдору бардык соттор үчүн милдеттүү болуп саналат.

Жергиликтүү соттордун тутумун төмөнкүлөр түзөт: биринчи инстанциядагы соттор (райондук соттор, шаардагы райондук соттор, шаардык соттор, райондор аралык соттор); экинчи инстанциядагы соттор (облустук соттор, Бишкек шаардык соту).

Биринчи инстанциядагы сот соттун төрагасынан жана соттордон турат.

Экинчи инстанциядагы сот төрагадан, анын орун басарларынан, судьялардан турат. Жазык иштерин, жарандык, административдик, экономикалык жана башка иштерди кароо үчүн экинчи инстанциядагы сотто тийиштүү соттук коллегиялар түзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы конституциялык сот өндүрүшү аркылуу өз алдынча конституциялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу жогорку сот органы болуп саналат. Конституциялык палата он бир судьядан: Конституциялык палатанын төрагасынан, төраганын орун басарынан жана тогуз судьядан турат. Конституциялык палатанын судьялары Жогорку соттун пленумуна кирбейт.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти жергиликтүү соттордун ишин материалдык-техникалык, усулдук жактан камсыз кылууну жүзөгө ашырган, мыйзам менен каралган соттук жана башка актыларды аткарууну камсыз кылууга багытталган, ошондой эле сот адилеттигин толук жана көз карандысыз жүргүзүү үчүн шарттарды түзүүгө багытталган башка мүнөздөгү иштерди аткарган, соттук өз алдынча башкаруу органдарынын жана Сотторду тандап алуу боюнча кеңештин ишин уюштуруучулук, материалдык, техникалык жана усулдук жактан камсыз кылган ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат.

Сот департаментине караштуу “Адилет сот” аттуу маалыматтык технология боюнча ведомстволук мекеме бар. Аталган мекеме 2016-жылдын июнь айында түзүлгөн. Мекеме сот органдарына маалыматтык кызматтарды көрсөтүү жана маалыматтык системалык коштоо, ошондой эле программалык продукттарды даярдоо максатында түзүлгөн.

**Соттордун аппараты**

Жогорку соттун жергиликтүү соттордун сот актыларын кайра кароо, ошондой эле мыйзам менен Жогорку сотунун карамагына кирген башка маселелер боюнча ишин Жогорку сотунун аппараты камсыз кылат.

Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу, сот тажрыйбасын жалпылоо, сот статистикасын жүргүзүү жана башка иштерди аткаруу боюнча жергиликтүү соттордун ишин камсыз кылуу максатында жергиликтүү соттордо сот аппараттары иштейт. Тейлөөчү персоналды кошпогондо, жергиликтүү соттордун аппараттарынын кызматкерлери мамлекеттик кызматта болушат,

тийиштүү жергиликтүү соттун төрагасынын сунушу боюнча Сот департаментинин жетекчиси тарабынан кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби**

Сот адилеттигинин жогорку мектеби судьялардын, соттордун аппараттарынын жана ыйгарым укуктуу органдын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууну жүзөгө ашыруучу мамлекеттик мекеме болуп саналат.

**Соттук өз алдынча башкаруу**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 102-беренесине ылайык, соттордун ички ишине байланышкан маселелерди чечүү үчүн соттук өз алдынча башкаруу иштейт. Соттук өз алдынча башкаруу органдарын уюштурууда жана анын ишинде негизги принциптер, алардын укуктук статусу “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен аныкталган.

Соттук өз алдынча башкаруу органдары сот бийлигинин алып жүрүүчүлөрү катары судьялардын пикирин билдирүү жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде өз функцияларын аткарат. Кыргыз Республикасынын сотторунун курултайы; Кыргыз Республикасынын Соттор кеңеши; соттордун чогулушу Соттук өз алдынча башкаруу органдары болуп эсептелинет.

Соттук өз алдынча башкаруу органдарын түзүүнүн жана иштешинин жана алардын өз ара мамилелеринин тартиби Кыргыз Республикасынын судьяларынын курултайы тарабынан аныкталат. Судьялардын курултайынын жана Судьялар кеңешинин иши алардын регламенти менен жөнгө салынат.

Судьялардын курултайы соттук өз алдынча башкаруунун жогорку органы болуп саналат. Судьялардын курултайы Судьялар кеңешинин чечими боюнча үч жылда бир жолу чакырылат, ал курултайды өткөрүү датасын, убактысын жана жерин белгилейт. Зарыл болгон учурда судьялардын кезексиз курултайы чакырылышы мүмкүн.

Судьялардын кеңеши – соттук өз алдынча башкаруунун шайлануучу органы, ал соттордун курултайлары ортосундагы мезгилде иштейт, судьялардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого багытталган чараларды жүзөгө ашырат, сот тутумунун бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына контролду жүзөгө ашырат, соттордун окуусун жана квалификациясынын жогорулатууну уюштурат. Судьялар кеңеши бир жыныстагы адамдардын жетимиш пайыздан ашпаган гендердик өкүлчүлүгүн эсепке алуу менен, судьялар коомдоштугунун ичинен, үч жылдык мөөнөткө шайланган он беш мүчөдөн турган курамда түзүлөт.

Судьялар кеңешинин төрагасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүндө бюджет маселелери боюнча соттук өз алдынча башкаруу органынын атынан чыгат.

Жогорку соттогу, Конституциялык палатадагы жана жергиликтүү соттогу судьялардын чогулушу соттук өз алдынча башкаруунун баштапкы органы болуп эсептелет.

Соттук өз алдынча башкаруу органдары сот адилеттигин аткаруу боюнча иштерге кийлигише албайт. Соттук өз алдынча башкаруу органдарына шайланган адамдар өз ишин коомдук башталышта аткарышат.

**Кыргыз Республикасынын Судьяларды тандоо боюнча кеңеши**

Жогорку соттун жана Конституциялык палатанын соттору кызматына талапкерлерди тандоону, ошондой эле жергиликтүү соттордун кызматына дайындоону Судьяларды тандоо боюнча кеңеши жүзөгө ашырат. Кеңештин ишин түзүү, уюштуруу жана иш тартиби, статусу “Кыргыз Республикасынын Судьяларды тандоо боюнча кеңеши жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат.

Кеңеш Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык түзүлгөн көз карандысыз коллегиялуу орган болуп саналат.

Кеңештин курамы тогуз мүчөдөн турат жана ал соттордон жана жарандык коомдун өкүлдөрүнөн турат. Соттор кеңеши, парламенттик көпчүлүк жана парламенттик оппозиция Кеңештин курамынын үчтөн бирин шайлайт.

Кеңештин курамынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекиткен учурдан тартып үч жылды түзөт.

Кеңештин мүчөлөрү өз иштерин коомдук башталышта жүргүзөт. Кеңештин иши маалында анын мүчөлөрү өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруудан бошотулат жана алардын негизги жумуш орду боюнча эмгек акысы сакталып турат.

**Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын ишин түзүү, уюштуруу тартиби жана принциптери, ошондой эле сотторду тартиптик жоопко тартуу тартиби "Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен аныкталган.

Тартип комиссиясы Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык түзүлгөн көз каранды эмес коллегиялуу орган болуп саналат.

Тартип комиссиясы 9 мүчөдөн турат жана Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши тарабынан гендердик өкүлчүлүктүн талаптарын эске алуу менен, тиешелүүлүгүнө жараша комиссия курамынын үчтөн бир бөлүгү түзүлөт.

Тартип комиссиясынын мамлекеттик кызмат орундарын ээлеп турган мүчөлөрү өз иштерин коомдук башталышта жүргүзөт жана алардын негизги жумуш орду боюнча эмгек акысы сакталып турат.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТЫН ЖАНА ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК АКТЫЛАРДЫН ТИЗМЕСИ**


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы.
2. "Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" КР Конституциялык мыйзамы
3. "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" КР Мыйзамы
4. "Кыргыз Республикасынын Судьяларын тандоо боюнча кеңеш жөнүндө" КР Мыйзамы
5. "Соттордун өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" КР Мыйзамы
6. "Соттордун кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө" КР Мыйзамы
7. "Сот аткаруучулардын статусу жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө" КР Мыйзамы
8. "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө" КР Мыйзамы
9. "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" КР Мыйзамы
10. "Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө" КР Мыйзамы (1997-ж.)
11. "Маалыматка жеткиликтүүлүктүн кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө" КР Мыйзамы (1997-ж.)
12. "Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө" КР Мыйзамы (2008-ж.)
13. "Коммерциялык сыр жөнүндө" КР Мыйзамы
14. "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө" КР Мыйзамы
15. "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын коргоо жөнүндө" КР Мыйзамы
16. "Кыргыз Республикасында Адвокатура жана адвокаттык иш жөнүндө" КР Мыйзамы
17. Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси
18. "Электр жана почта байланышы жөнүндө" КР Мыйзамы
19. "Ломбарддардын иши жөнүндө" КР Мыйзамы
20. "Нотариат жөнүндө" КР Мыйзамы
21. "ЖМК жөнүндө" КР Мыйзамы
22. "Кыргыз Республикасында камсыздандырууну уюштуруу жөнүндө" КР Мыйзамы
23. КР Жазык-процесстик кодекси
24. КР Жарандык-процесстик кодекси
25. КР Административдик-процесстик кодекси
26. КР Жарандык кодекси
27. КР Жазык кодекси
28. КР Журналисттеринин Этикалык кодекси